# Деңгээлдик билим берүү технологиялары

**Рысбаев Сулайман Казыбаевич –**

**педагогика илимдеринин доктору, башкы илимий кызматкер, Кыргыз билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери**

# Мугалим сабакка даярданууда төмөндөгүдөй үч маанилүү суроого жооп издейт:

1. Менин бүгүнкү сабагым окуучуларга эмнеге керек?
2. Менин бүгүнкү сабагымдан окуучу эмнени алат?
3. Мен окуучуларды кантип машыктырам?

# Ар бир тажрыйбалуу мугалим сабактарында төмөнкүдөй ырааттуу иштерди аткарат

1. Жаңы теманын негизги идеясын таап, ага ылайык жаңы маалыматтарды жеткиликтүү берет;
2. Жаңы маалыматты практикада колдонуунун ыгын түшүнтүп, ага окуучуну машыктырат;
3. Баланын акыл сезимин, ой туюмдарын сынап, проблемалуу жагдай түзүп, сынчыл ойломун ойготуп, проблемаларды чечүүгө үйрөтөт, ага машыктырат;
4. Окуучуларынын арасынан зиректерин таап, алардын чыгармачылыгын ойготуп, аны өнүктүрүүгө жол көрсөтөт.

# Проблемалуу окутуунун (Джон Дьюи, 1859—1952) белгилери

**мугалим тарабынан проблема**

**луу кырдаал түзүлөт**

**проблемалуу милдетти чечүү тапшырмасы коюлат**

**коюлган тапшырманы же милдетти**

**аң-сезимдүү түрдө ой жүгүртүү менен чечүүнүн жолдору уюштурулат**

**окуучу өзүнө жаңылыкты табуусу т.а. жаңы билимге ээ болуусу ишке ашырылат.**

# Сабактагы ишмердик мамиленин белгилери кандай?

предметтин мазмунун билүү

ой жүгүртүү менен проблемалуу маселени чечүү жана аны ишке ашыруу

**предметтин мазмунун өздөштүрүүнүн жана аны практикада колдонуунун ыкмалары менен жолдорун билүү**

**алдыдагы чечилүүчү маселенин максат-милдетин туура түшүнүү**

окуу милдеттерин окуучунун өз алдынчалуу мамилесин калыптандырууга көңүл бөлүү

чындыкка жетүү  жолун окуучу буга чейинки билимине таянып өзү чыгармачылык менен табуусу

# Чыгармачылыктын денгээлдери кандай?

**Бүгүнкү күндө** предметтик стандарттарда **өздөштүрүүнүн үч деңгээли:** репродуктивдик, продуктивдик жана креативдик деңгээлдери белгиленген.

**Блумдун таксономиясында 6 деңгээл белгилүү:** билим, түшүнүк, колдонуу, анализ, синтез жана баалоо. Булар окуучунун билим алуусунун жана жаңылыкка жетүүсүнүн деңгээлдери болуп саналат.

# Биздин практикабызда билимди текшерүүнүн төрт деңгээли эске алынат

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Маалымат ты билүү денгээли** | **Билге-нин практи када колдонуу деңгээли** | **Проблема лык жагдайды чечүү деңгээли** | **Чыгарма чыл мамиле деңгээли…** |

үйрөнгөнүн  кайталап айтып бере алуу;

үйрөнгөнүн баяндап айтып бере алуу;

үйрөнгөнүн жаттап айтып бере алуу;

үйрөнгөнүн  сүрөттөп айтып бере алуу;

эсте сактаганын айтып бере алуу;

көркөм окуп бере алуу;

көркөм айтып бере алуу;

окуу техникасын туура сактоо;

жазуу жүзүндө жооп бере алуу;

оозеки түрдө жоороп бере алуу.



*1-деңгээл*

## Маалыматтык билим  деңгээлинин критерийлери

# Маалыматтык деңгээлге мүнөздүү мисал



- ***1.Кыргыз тилинен:***

  *Тексттин эң кичине бирдиги кайсы?*
- **а) тексттин эң кичине бирдиги – сүйлөм;**
- б) тексттин эң кичине бирдиги – абзац;
- в) тексттин эң кичине бирдиги – микротема;
- г) тексттин эң кичине бирдиги – сөз.
- ***2.Кыргыз адабиятынан:***

  Бул саптар кайсы чыгармадан жана кимдин ыры?

  *«Түбөлүк чечилбеген улуу талаш:*

  *Канткенде адам уулу адам болот?»*
- а) «Кылым карытар бир күн», Абуталиптин;
- **б) «Фудзиямадагы кадыр түн», Сабырдын:**
- в) «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт», Органдын ыры;
- г) «Биринчи мугалим», Дүйшөндүн ыры.

*2-деңгээл*

# Билимди практикада колдонуу деңгээ-линин критерийлери



– эрежени практикада далилдей алуу;
– үйрөнгөнүн практикада колдоно алуу;
– үйрөнгөнүн практика жүзүндө түшүндүрө алуу;
– сөз маанисин талдап түшүндүрө алуу;
– фактыларды талдап далилдей алуу;
– түшүнүктү мисал менен талдап бере алуу;
– түшүнүктү мисал менен далилдей алуу;
– түшүнүктү мүнөздөп, далилдеп бере алуу ж.б.

## *2-деңгээл:*
## КОЛДОНУУ деңгээлине мисал

- **Үзүндүдөгү көп чекиттердин ордуна кайсы сөз туура келерин белгилеп, текстти толуктап түшүндүр.**

**«Алтын менен …,**
**Широөсүнөн бүткөндөй,**
**Асман менен …,**
**Тиреөсүнөн бүткөндөй,**
**Айың менен …,**
**Бир өзүнөн бүткөндөй» («Манас»)**

- **а) күмүштүн, тооңдун, жылдыздын;**
- **б) каухардын, жылдыздын, күнүңдүн;**
- **в) күмүштүн, жериңдин; күнүңдүн;**
- **г) күмүштүн, жылдыздын, күнүңдүн.**

## *3-деңгээл*

## Проблеманы чечүү деңгээлинин критерийлери



- - проблемалуу жагдай түзө алуу;
- -түзүлгөн проблемалуу жагдайды чече алуу;
- - проблемалуу милдеттерди коё билүү;
- -проблемалуу милдеттерди аткара алуу;
- - проблемалуу айтылган ойду далилдей алуу;
- – түшүнүктөрдү анализдеп, талдай алуу;
- – далилдерди салыштырып себептерин иликтей алуу;
- – түшүнүктөрдү синтездеп, натыйжага ээ боло алуу;
- – түшүнүктү жалпылап, жыйынтыкка келе алуу ж.б.

# *3-деңгээл:*
# Проблемалык деңгээлдеги суроо-тапшырмалардын мүнөзү

**Ч.Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемесинде балага апасы Жээнкүл мындай деп айтат: «Тынч отур, тигиногу-сенин атаң…!» Апасы уулуна эмне үчүн ушинтип айтты?**

- а) Элге тынчтык бербей, ээнбаштык кылгандыгы жана кинодогу баатыр солдатты тынч отуруп көрүүсү үчүн;
- б) Атасы кинодо баатыр жоокердин ролун аткарып жаткандыгын билсин үчүн;
- **в) Кинодогу баатырдык менен курман болгон солдатты көрүп, бала атасынын кандай эр жүрөк экендигин элестетсин үчүн;**
- г) Атасы согушта өлгөндүгүн угузуш үчүн.

## *4-деңгээл*

# Чыгармачыл деңгээлдин критерийлери

- **– ишмердик мамилесин текшерүү жана баалоо үчүн суроолор жана тапшырмалар менен иштей алуу;**
- **– каармандын андан аркы тагдыры тууралуу ой жүгүртүүсүн билүүчү проблемалык ой жүгүртүү үчүн суроолор жана тапшырмаларды аткара алуу;**
- **– предмет аралык байланышты ишке ашыруу үчүн суроолор жана тапшырмаларга  жооп бере алуу;**
- **– чыгармачылык менен иштөө үчүн суроолор жана тапшырмаларды аткара алуу;**
- **– жеке көз карашын билдирүү жана аны  далилдөө үчүн суроолор жана тапшырмалар ды аткара алуу;**
- **– жеке мамилесин билдирүү жана аны далилдөө үчүн суроолор жана тапшырмалар менен иштей алуу  ж.б.**

*4-деңгээл*

# Бир чыгарманын негизиндеги 4 деңгээлдин белгилери

- **Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» повести боюнча**:

(1-деңгээл: маалымат) «Мен начар мугалиммин. Бирок менден башка мугалим жок да…» (суроо: Кайсы жазуучунун чыгармасындагы каармандын сөзүнөн алынды?)

- (2-деңгээл: колдонуу) Дүйшөн эмне үчүн: «Мен начар мугалиммин. Бирок менден башка мугалим жок да…» деп айтты? Ошол эпизодду чыгарманын мисалында талда.
- (3-деңгээл: проблема) Дүйшөндүн тилегин караңгы айыл эли түшүнгөн жок. Ал тургай, аны өлтүрүп коё жаздашты. Ал эски сарайдын бир бурчун оңдоп, мектеп салды. Автор муну менен эмнени тайтып отурат?
- (4-деңгээл: чыгармачылык) «Кыргыз баласынын өмүрүнө караңгыда жарык чачкан шам» (Дүйшөндүн образын чагылдырып, портреттик дилбаян жазуу)

- **Кыргыз тилинен: байланыштуу кеп**

- 1.**(1-деңгээл: маалымат)** Табиятты, адам келбетинин көрүнүшүн сүрөттөө кептин түрлөрүнүн кайсынысына тиешелүү?
- 2.**(2-деңгээл: колдонуу)** Сүрөттөө кеби колдонулган тилдик каражаттарына караганда сөз түркүмүнүн кайсы түрү менен байланышат? Мисал менен түшүндүр.
- 3. **(3-деңгээл: проблема)** Көркөм чыгармаларда табиятты сүрөттөө кандай максатта болушу жана ал кандай максаттарда өзгөрүшү мүмкүн?
- 4. **(4-деңгээл: чыгармачылык)** «Биздин айылдын көрүнүшү» деген темада чакан дилбаян жазып, андагы сүрөттөөнүн көрүнүшүн сын атооч сөз түркүмү менен байланышта талдап түшүндүрүү.



**Бир теманын негизиндеги 4 деңгээлдин белгилери**

# Деңгээлдик ыкманын максаты эмнеде?

- окуучулардын билим деңгээлин татыктуу (реалдуу, обьективдүү) аныктоо
- окуучунун билимин деңгээлден деңгээлге көтөрүү;
- ар бир бала өз деңгээлин билет да, эми андан өйдө, улам жогорку деңгээлге көтөрүлүүгө аракет жасайт;
- балдарга өнүгүүгө стимул түзүлөт.



# ФОРМАТИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМИН БААЛООДОГУ 3 ПРИНЦИП

**1. Маалыматтын негизгисин бөлүп алуу принциби;**

**2. Окуучунун өз тажрыйбасын жаратуу жана ага таянып иштөө принциби;**

**3. Окуучуну баалоо жана өзүн өзү баалоо принциби.**

# Окуучунун чыгармачыл-ишмер аракетинин жалпы ырааттуулугу кандай болот?

- билүүсүз- колдоно албайт;
- колдонуусуз -ой жүгүртүү жолбойт;
- ой жүгүртүүсүз- проблеманы чече албайт;
- проблема чече албаса- ишмерлик болбойт;
- ишмердиксиз - чыгармачылык болбойт;
- чыгармачылыксыз- жаңылык жаралбайт;
- жаңылыксыз- ачылыш болбойт;
- ачылышсыз- өсүш болбойт.



Көңүл бурганыңыздарга рахмат!